# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

1998-жылдын 23-июлу № 96

## Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө

*(КР 1998-жылдын 30-декабрындагы № 160, 2008-жылдын 17-октябрындагы № 221,
2009-жылдын 15-июлундагы № 216, 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170, 2014-жылдын 9-июлундагы № 117, 2015-жылдын 28-майындагы № 122, 2016-жылдын 16-майындагы № 61, 2018-жылдын 6-августундагы № 88, 2021-жылдын 9-августундагы № 93, 2022-жылдын 21-январындагы № 11, 2022-жылдын 4-июлундагы N 56 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### I бөлүм
### Жалпы жоболор

**1-статья. Камсыздандыруу иши**

**Камсыздандыруу иши** - жеке жана юридикалык жактарга акысы үчүн кызмат көрсөтүү боюнча лицензиясы бар уюмдардын иши, алардын предмети белгисиз окуя болгон учурда ушундай тобокелдикке дуушар болгон көптөгөн адамдардын арасында көп сандын калькуляциясы принцибинин негизинде тобокелдиктерди бөлүштүрүүгө байланышкан камсыздандыруучунун келишимде шартталган белгилүү бир милдеттери болуп саналат.

**2-статья. Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу мамилелер**

1. Ушул Мыйзам камсыздандыруу ишин мамлекеттик жөнгө салуунун негизги принциптерин белгилейт.

2. Ушул Мыйзам жүзөгө ашыруу шарттары жана тартиби Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси жана анын негизинде кабыл алынган мыйзамдар менен жөнгө салынуучу мамлекеттик социалдык камсыздандырууга, милдеттүү камсыздандыруунун башка түрлөрүнө жана өз ара камсыздандырууга, ошондой эле камсыздандыруу келишимине таралбайт.

3. Кыргыз Республикасында камсыздандыруунун исламдык принциптерине ылайык камсыздандыруу иши жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Камсыздандыруунун исламдык принциптерине ылайык камсыздандыруу ишин укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү мыйзамдар жана аларга ылайык кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинүн актылары менен белгиленет.

*(КР 2009-жылдын 15-июлундагы № 216 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Ушул Мыйзамда колдонулуучу түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттарында төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

**камсыздандырылуучу** - камсыздандыруучу уюм (камсыздандыруучу) менен камсыздандыруу келишимин түзгөн граждан же юридикалык жак;

**камсыздандыруучу** - коммерциялык уюм болуп саналган жана камсыздандыруунун тиешелүү түрүн жүргүзүүгө атайын уруксаты (лицензиясы) бар юридикалык жак (камсыздандыруучу уюм);

**камсыздандыруу акысы** - келишимде шартталган акы, аны камсыздандырылуучу камсыздандыруучуга камсыздандыруу келишиминде белгиленген тартипте жана мөөнөттө төлөп берүүгө милдеттүү;

**камсыздандыруу тарифтери** - камсыздандыруучу тарабынан иштелип чыккан жана камсыздандыруу келишими боюнча төлөнүп бериле турган камсыздандыруу акысынын өлчөмүн аныктоодо колдонула турган тарифтер;

**камсыздандыруу суммасы** - мүлктүк камсыздандыруу келишими же жеке камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруучу камсыздандыруу чыгымынын ордун толтурууга төлөп берүүгө милдеттенген сумманын чеги;

**камсыздандыруу чыгымынын ордун толтуруу** - камсыздандыруу окуясы болгон учурда зыянды жабууга камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруучу төлөп бере турган сумма;

**камсыздандыруу окуясы** - камсыздандырылуучуга, камсыздандырылган жакка же болбосо пайда табуучуга камсыздандыруу төлөмүн төлөп берүү үчүн камсыздандыруучуну милдеттендирген, камсыздандыруу келишиминде же мыйзамда каралган окуянын болушу;

**камсыздандыруу тобокелдиги** - болушу мүмкүн деп болжолдонгон окуя, мындай окуя болушуна карата камсыздандыруу жүргүзүлөт;

**камсыздандыруу наркы** - камсыздандырылуучу менен камсыздандыруучунун ортосунда түзүлүүчү камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн камсыздандырылган мүлктүн наркы;

**камсыздандыруу акылары** - камсыздандыруу келишиминин шарттарына ылайык камсыздандырылуучу тарабынан камсыздандыруучуга мезгил-мезгили менен төлөнүүчү камсыздандыруу акысы;

**камсыздандыруу резервдери** - камсыздандыруучулар тарабынан өздөрүнө алган камсыздандыруу милдеттерин аткарууну камсыздоо максатында камсыздандыруу түрлөрү боюнча алынган камсыздандыруу акыларынан түзүлүүчү атайын акчалай фонддор;

**пайда табуучу** - камсыздандыруу келишими анын пайдасына түзүлгөн жак;

**кайра камсыздандыруу** - аны менен түзүлгөн кайра камсыздандыруу келишими боюнча башка камсыздандыруучуда камсыздандыруунун ордун толтуруу тобокелдигин толугу менен же жарым-жартылай камсыздандыруу. Мында кайра

камсыздандыруу келишимин түзгөн камсыздандыруучу камсыздандыруу келишими (негизги келишим) келишимде камсыздандырылуучу болуп саналат;

**кош камсыздандыруу** - бир эле мүлктү эки же бир нече камсыздандыруучуда камсыздандыруу;

**чогуу камсыздандыруу** - бир объектини бир келишим боюнча бир нече камсыздандыруучулар менен бирдикте камсыздандыруу;

**өз ара камсыздандыруу** - өз ара камсыздандыруу коомдорун түзүү жана аларда зарыл болгон каражаттарды бириктирүү аркылуу өз ара негизде граждандардын жана юридикалык жактардын өз мүлктөрүн жана мүлктүк кызыкчылыктарын камсыздандырышы;

**камсыздандыруу пулу** - эреже катары, биргелешкен иш жөнүндө келишимдин (макулдашуунун) негизинде кандайдыр-бир атайын милдеттерди чечүү үчүн бир нече өз алдынча камсыздоо уюмдарынын убактылуу биригүү таризи;

**камсыздандыруу рыногунун катышуучулары** - камсыздандырылуучулар, камсыздандыруучулар, камсыздандыруу агенттери, камсыздандыруу брокерлери, кайра камсыздандыруу брокерлери, кайра камсыздандыруу компаниялары;

**камсыздандыруу агенти** - камсыздандыруучунун атынан жана анын тапшырмасы менен иштөөчү ыйгарым укуктуу өкүл;

**камсыздандыруу брокери** - камсыздандырылуучунун же болбосо камсыздандыруучунун тапшырмаларынын негизинде өз атынан камсыздандыруу боюнча ортомчулук ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жак;

**камсыздандыруу эрежелери** - камсыздандыруунун белгилүү бир түрү боюнча камсыздандырууну жүзөгө ашыруунун шарттарын аныктаган камсыздандыруу уюмунун документи;

**лицензиялык ишти түзгөн камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тизмеги** - камсыздандыруу уюму тарабынан иштелип чыгуучу жана камсыздандыруу келишимин түзүү аркылуу камсыздандырылуучуга берилүүчү камсыздандыруу продуктусу.

**камсыздандыруу ортомчусу** - камсыздандыруу агенти, камсыздандыруу брокери, кайра камсыздандыруу брокери;

**актуарий** - актуардык ишти жүзөгө ашыруучу жеке жак.

**камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышуу** - жеке же болбосо башка жактар менен биргеликте камсыздандыруу уюмунун акцияларынын он жана андан ашык пайызына түздөн-түз же кыйыр ээлик кылуу же башкаруу.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117, 2015-жылдын 28-майындагы № 122, 2022-жылдын 21-январындагы № 11, 2022-жылдын 4-июлундагы N 56 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-статья. Камсыздандыруучулар**

1. Камсыздандыруу ишин жүргүзүү максатында ушул Мыйзамда каралган уюштуруучулук-укуктук таризде түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын аймагында камсыздандыруу ишин жүргүзүүгө белгиленген тартипте лицензия алган юридикалык жактар камсыздандыруучулар болуп саналат.

2. Ушул статьянын 1-пунктунда каралган талаптарга жооп бербеген юридикалык жактар камсыздандыруу ишин жүргүзүүгө укуксуз.

**5-статья. Камсыздандыруу уюмдары менен мамлекеттин өз ара мамилеси**

1. Камсыздандыруу уюмдары мамлекеттин милдеттенмелерине, ал эми мамлекет камсыздандыруучу уюмдардын милдеттенмелерине жооп бербейт.

2. Мамлекет камсыздандыруу иштерин жүргүзүүдө камсыздандыруу уюмдарынын мүлктүк жана башка укуктары менен мыйзамдык кызыкчылыктарын, эркин атаандаштык шарттарын сактоону жана коргоону камсыз кылат.

3. Аткаруу бийлигинин органдарына камсыздандыруу ишине кийлигишүүгө жол берилбейт.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## II бөлүм
## Кыргыз Республикасында камсыздандыруу уюмдарын түзүү жана алардын иши

**6-статья. Камсыздандыруу уюмдарын уюштуруунун өзгөчөлүктөрү**

1. Кыргыз Республикасында камсыздандыруу уюму акционердик коом таризинде гана түзүлүшү жана иштеши мүмкүн.

Камсыздандыруу уюмдары Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет өлкөлөрдө төмөнкүлөрдү түзө алышат:

1) туунду уюмдарды;

2) филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү.

2. Жеке жана/же юридикалык жактар - Кыргыз Республикасынын резиденттери жана резидент эместери, ушул Мыйзамда белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен, камсыздандыруу уюмунун уюштуруучулары жана акционерлери боло алышат.

3. Камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышууну сатып алуу ниети бар жеке жана юридикалык жактар олуттуу катышууну сатып алуу боюнча бүтүмдөрдү жасаганга чейин 30 календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышууну сатып алууга жумшалуучу акча каражаттарынын келип чыккан булагынын мыйзамдуулугун ырастоого, ошондой эле бенефициардык ээлерин кошуп алганда, өзүнүн иши, финансылык абалы, катышуучуларынын курамы жөнүндө маалыматтарды камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүүгө милдеттүү.

4. Камсыздандыруу уюмунун капиталына төмөнкүлөр олуттуу катыша алышпайт:

1) алардын террористтик же экстремисттик иштерге катышкандыгы жана жапырт жок кылуучу куралдарды тараткандыгы жөнүндө маалыматтар болгон жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын санкциялык тизмегинде

турган жеке жактар (Кыргыз Республикасынын жыйынды санкциялык тизмеги жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин жыйынды санкциялык тизмеги);

2) тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган ыйгарым укуктуу орган тарабынан террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык түзүлүүчү, кооптуулугу жогору өлкөлөрдүн аймагында жашаган жана/же катталган, же болбосо катышуучу катары кооптуулугу жогору өлкөлөрдө катталган аффилирленген жактары бар жеке жана юридикалык жактар;

3) экономикалык иштер чөйрөсүндө жасаган кылмыштары же мамлекеттик бийликке каршы жасаган кылмыштары үчүн соттуулугу алынбаган же жоюлбаган жеке жактар;

4) өзүнүн иши, финансылык абалы, катышуучуларынын курамы жөнүндө маалыматтарды жана аларды анык идентификациялоого жана юридикалык жактын катышуучуларын, бенефициардык ээлерин кошо текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү кандай гана болбосун башка маалыматтарды жана документтерди белгиленген тартипте бербеген, же болбосо анык идентификациялоого жана юридикалык жактын катышуучуларын, бенефициардык ээлерин кошо текшерүүгө мүмкүндүк бербеген маалыматтарды берген жеке жана юридикалык жактар;

5) камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышууну сатып алууга жумшалган акча каражаттарынын келип чыккан булагынын мыйзамдуулугун ырастабаган жеке жана юридикалык жактар.

5. Ушул статьянын 4-пунктунда көрсөтүлгөн жактар, же болбосо камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышууну сатып алууда анык эмес (жалган) маалыматтарды берген жеке же юридикалык жактар, же болбосо ушул Мыйзамда коюлган талаптарга ылайык келбей калган жактар тарабынан камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышууну сатып алууга байланышкан бүтүмдөр арзыбаган бүтүмдөр болуп саналат.

Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арзыбаган бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап менен сотко кайрылат.

Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышуусу бар жактар жөнүндө маалыматтарды көз карандысыз реестр кармоочудан суратып алууга жана алууга укуктуу.

6. Ушул статьянын 4 жана 5-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда мындай акциялар боюнча добуштар кворумду аныктоодо жана чечимдерди кабыл алууда эске алынбайт. Эгерде мындай акциялар боюнча добуштардын саны чечимди маңызы боюнча кабыл алууга таасирин тийгизсе, мурда кабыл алынган бардык чечимдер жараксыз деп эсептелет.

7. Ушул статьянын 4 жана 5-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда камсыздандыруу уюмунун капиталына олуттуу катышуусу бар жак алты айдын ичинде камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмундагы өзүнө таандык акциялардын санын олуттуу катышуудан төмөн деңгээлге чейин азайтууга

милдеттүү. Ушул пункттун талаптары аткарылбаган учурда, камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган ушул жактардын көрсөтүлгөн талаптарды аткаруусу үчүн сотко кайрылат.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117, 2022-жылдын 4-июлундагы N 56 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-статья. Камсыздандыруу уюмунун капиталы**

1. Камсыздандыруу уюмунун капиталынын негизин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген эң аз уставдык капиталдан аз эмес өлчөмдө толугу менен төлөнгөн уставдык капитал түзөт.

*Караңыз:*

*КР Министрлер Кабинетинүн 2010-жылдын 25-ноябрындагы № 300 "Камсыздандыруу уюмдары үчүн уставдык капиталдын минималдык өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө" токтому*

2. Уставдык капиталды түзүү акчалай тариздe гана жүзөгө ашырылат. Капиталдын курамына уюштуруучулар (акционерлер) тарабынан кошулган каражаттарды кайтарып берүү боюнча милдеттенмеси жок камсыздандыруу уюмунун уставдык капиталы гана кирет.

3. Камсыздандыруу уюмунун уставдык капиталына уюштуруучулар (акционерлер) кошкон каражат алар тарабынан өзүлөрүнө тиешелүү акцияларды сатуу аркылуу гана алынышы мүмкүн.

4. Камсыздандыруу операцияларын жүргүзүүгө лицензия алганга чейин камсыздандыруу уюму эң төмөнкү уставдык капиталын түзүүгө жана аны өзүнүн эсептешүү эсебине киргизүүгө милдеттүү.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети камсыздандыруу уюмдарынын уставдык капиталын түзүү жана көбөйтүү жана эң төмөнкү капиталды кармап туруу, колдонуудагы камсыздандыруу келишимдери боюнча алар камсыздандырган тобокелдиктердин чоңдугуна жараша ликвиддик активдердин болушунун маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларды чыгарат.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-статья. Камсыздандыруу уюмдарынын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү**

1. Камсыздандыруучулар ачкан күндөн тартып бир айлык мөөнөттө камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга билдирүү менен Кыргыз Республикасынын аймагында филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн ачууга укуктуу. Ал билдирүүдө филиалдын жана өкүлчүлүктүн почталык жана юридикалык дареги, жетекчилери, кызматкерлеринин саны, пландаштырылган камсыздандыруу ишинин масштабы менен мүнөзү, филиал жана өкүлчүлүк колдонгон расмий документтердин бланктарынын үлгүлөрү менен штамптардын түшүрүлгөн мөөрү көрсөтүлөт.

2. Камсыздандыруу резервдеринин каражаттарын жайгаштырууга башкы камсыздандыруу уюму гана укуктуу.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-статья. Камсыздандыруу ортомчулары**

1. Камсыздандыруучулар камсыздандыруу ишин Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык камсыздандыруу ортомчулары (агенттер жана брокерлер) аркылуу жүргүзүүгө укуктуу.

*2. (КР 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*3. (КР 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

4. Кесиптик жактан жарактуулугунун жана брокерлердин каржылык ишенимдүүлүгүнүн деңгээлине коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

5. Кыргыз Республикасынын камсыздандыруучулары өздөрүнүн тобокелдиктерин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген көлөмдөргө чек коюулардын чегинде түздөн-түз чет өлкөлүк кайра камсыздандыруучуларда, анын ичинде өзү турган өлкөдө юридикалык жак катары катталган чет өлкөлүк камсыздандыруу жана кайра камсыздандыруу брокердик уюмдары аркылуу да кайра камсыздандыра алышат.

6. Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк камсыздандыруу уюмдарынын атынан камсыздандыруу келишимдерин түзүүгө байланышкан камсыздандыруу боюнча ортомчулук ишке жол берилбейт.

*(КР 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170, 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-1-статья. Камсыздандыруу брокерлери**

1. Камсыздандыруу брокеринин ишине, камсыздандыруу брокеринин уставдык капиталын түзүүгө, калыптандырууга карата коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

2. Чет өлкөлүк камсыздандыруу брокерлери Кыргыз Республикасынын аймагында ишти Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте жүргүзө алат.

*(КР 2022-жылдын 21-январындагы № 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9$^2$-статья. Актуардык иш**

1. Актуарийдин милдети камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун финансылык туруктуулугунун жана төлөө жөндөмдүүлүгүнүн зарыл деңгээлин камсыз кылуу максатында камсыздандыруунун ыктыярдуу жана милдеттүү түрлөрү боюнча милдеттенмелеринин өлчөмдөрүн экономикалык-математикалык эсептөөлөрүн жүзөгө ашыруу болуп саналат.

2. Актуардык иш өзүнө төмөнкү кызмат көрсөтүүлөрдү камтыйт:

1) камсыздандыруунун милдеттүү жана ыктыярдуу түрлөрү боюнча камсыздандыруу тарифтерин эсептөөнүн методологиясын жана экономикалык негиздемелерин иштеп чыгуу;

2) актуардык эсептөөлөрдүн маселелери боюнча консультациялык кызмат көрсөтүүлөр;

3) камсыздандыруу резервдерин калыптандыруу усулдары жана булактары боюнча консультациялар жана сунуштамалар;

4) камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмдарынын финансылык туруктуулугун жана төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоого байланыштуу маселелер боюнча кызмат көрсөтүүлөр.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген квалификациялык талаптарга жооп берген жана актуарийлердин өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмунун мүчөсү болуп саналган жеке жак актуарий катары чыгууга укуктуу.

4. Актуарий өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашыруу мезгилинде мамлекеттик кызматта турууга укуксуз.

5. *(КР 2022-жылдын 21-январындагы № 11 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

6. Актуардык ишке карата коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

*(КР 2015-жылдын 28-майындагы № 122, 2016-жылдын 16-майындагы № 61, 2022-жылдын 21-январындагы № 11 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**10-статья. Камсыздандыруучулардын бирикмелери**

1. Камсыздандыруучулар өз ишин координациялоо, өзүлөрүнүн мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо жана биргелешкен программаларды ишке ашыруу үчүн, аларды түзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына каршы келбесе, союздарды, ассоциацияларды жана башка бирикмелерди уюштура алышат.

Камсыздандыруучулардын бул бирикмелери түздөн-түз камсыздандыруу ишин жүргүзүүгө укуксуз.

2. Камсыздандыруучулар Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык жөнөкөй шериктештик түрүндө камсыздандыруу пулун түзүүгө укуктуу.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-статья. Камсыздандыруу ишин лицензиялоо**

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**11[1]-статья. Камсыздандыруунун түрлөрү жана түрчөлөрү**

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**12-статья. Лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтер**

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**13-статья. Камсыздандыруу уюмунун бизнес-планына коюлуучу талаптар**

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**14-статья. Лицензия берүүдөн баш тартуу үчүн негиздер**

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**15-статья. Камсыздандырууга байланышпаган ишке тыюу салуу**

Камсыздандыруу уюмдары:

- лицензияда белгиленгенден;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыздандыруу уюмунун ишин жүргүзүү үчүн зарыл болгондогудан бөлөк эч кандай башка иш жүргүзүүгө укуксуз.

**16-статья. Камсыздандырылуучу үчүн маалымат**

1. Камсыздандыруучу камсыздандырылуучуну жеткиликтүү жана түшүнүктүү түрдөгү маалымат менен камсыз кылууга милдеттүү, анда төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- камсыздандыруучунун аталышы, дареги, уюштуруу-укуктук тариzи жана жайгашкан жери;

- камсыздандыруу түрлөрү боюнча эрежелер жана колдонуудагы тарифтер;

- камсыздандыруу келишимдери түзүлгөн мөөнөттөр;

- камсыздандыруу келишиминин колдонулушунун жана бүтүшүнүн шарттары;

- камсыздандырылуучу камсыздандыруучуга даттана алган камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын дареги.

2. Камсыздандыруу келишиминин колдонулуш мезгилинде камсыздандыруучунун аталышы, дареги, уюштуруу-укуктук тариzи жана жайгашкан жери өзгөрсө, ал тууралу камсыздандыруу уюму камсыздандырылуучуга жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

**III бөлүм**
**Камсыздандыруучунун каржылык туруктуулугун камсыз кылуу**

**17-статья. Камсыздандыруучулардын каржылык туруктуулугун камсыз кылуу шарттары**

Камсыздандыруучулардын каржылык туруктуулугун камсыз кылуу шарты аларда толук төлөнгөн уставдык капиталдын, түзүлгөн камсыздандыруу резервдеринин, кайра камсыздандыруу тутумунун бар экендиги, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдиктерин камсыздандыруучулардын сакташы болуп саналат.

**18-статья. Камсыздандыруучулардын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн кепилдиктери**

1. Өзүлөрүнүн төлөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн камсыздандыруучулар төлөө жөндөмдүүлүгүнүн ченемдиктерин жана өз каражаттарынын өлчөмүнө таянуу менен айрым тобокелдерди камсыздандыруу боюнча эң чоң жоопкерчиликтин ченемдиктерин сактоого милдеттүү.

Көрсөтүлгөн ченемдерди эсептөө усулу, ошондой эле алардын өлчөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

*Караңыз:*

*КР Министрлер Кабинетинүн 2011-жылдын 1-июнундагы № 278 "Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюму үчүн пруденциялык чендер жана пруденциялык чендердин аткарылышы жөнүндө отчет берүү тууралуу нускаманы бекитүү жөнүндө" токтому*

2. Өз каражаттарынын жана камсыздандыруу резервдеринин эсебинен аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ашыкча көлөмдө милдеттенмелер кабыл алган камсыздандыруучулар тиешелүү милдеттенмелердин аткарылышынын тобокелдигин кайра камсыздандыруучуларда камсыздоого милдеттүү.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Министрлер Кабинетинүн 2010-жылдын 25-ноябрындагы № 299 Камсыздандыруу келишиминдеги айрым коркунучтар боюнча жоопкерчиликтин максималдуу көлөмүн белгилөө жөнүндө" токтому*

**19-статья. Камсыздандыруучу уюм тарабынан түзүлүүчү резервдер**

1. Кабыл алынган камсыздандыруу милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылуу үчүн камсыздандыруучулар алынган камсыздандыруу акыларынан салык салынганга чейин алдыдагы камсыздандыруу төлөөлөрү үчүн камсыздандыруу түрлөрү боюнча зарыл камсыздандыруу резервдерин түзүшөт.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети камсыздандыруучу тарабынан түзүлүүчү жана камсыздандыруу төлөөлөрүн камсыз кылууга арналган милдеттүү камсыздандыруу резервдерин түзүүнүн эсептөөнүн усулун жана тартибин аныктайт.

3. Камсыздандыруунун бир түрүнүн камсыздандыруу резервдери камсыздандыруунун экинчи түрүнүн келишими боюнча милдеттенмени аткарууга жумшалышы мүмкүн эмес.

4. Камсыздандыруу резервдери камсыздандыруу жүргүзүлүүчү валютада, анын ичинде эркин конвертациялануучу валютада да түзүлөт.

5. Салык төлөөдөн кийин калган жана камсыздандыруучулардын карамагына түшкөн кирешелерден алар өзүнүн ишин камсыз кылууга зарыл болгон башка резервдерди түзө алышат.

6. Камсыздандыруучулар тарабынан түзүлгөн камсыздандыруу резервдери мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерге алынууга тийиш эмес.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**20-статья. Камсыздандыруу резервдерин жайгаштыруу**

1. Камсыздандыруучулар камсыздандыруу резервдерин жайгаштырууга (инвестициялоого), ошондой эле жеке камсыздандыруу келишимдерин түзгөн камсыздандыруучуларга, ошол келишимдер боюнча камсыздандыруу суммасынын чектеринде, убактылуу каржылык жардам көрсөтүүгө укуктуу.

2. Камсыздандыруу резервин жайгаштыруу камсыздандыруучулар тарабынан ишенимдүүлүк, кайтарымдуулук, пайдалуулук, ликвиддүүлүк жана диверсификациялоо принциптерин сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген чектөөлөрдүн чегинде камсыздандыруу резервдеринин каражаттарын жайгаштыруу Кыргыз Республикасынын аймагынан чегинен тышкары жерлерде да жүргүзүлүшү мүмкүн.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-статья. Камсыздандыруу валютасы**

1. Камсыздандыруу акысын төлөө жана камсыздандыруу суммасын төлөө (камсыздандыруунун ордун толтуруу) улуттук жана чет өлкөлүк валютада жүргүзүлүшү мүмкүн.

2. Камсыздандыруу акысы чет өлкөлүк валютада төлөнгөн учурда камсыздандыруу суммасы (камсыздандыруунун ордун толтуруу) тараптардын макулдашуусу боюнча сом менен төлөнүшү мүмкүн.

## IV бөлүм
## Камсыздандыруу уюмдарындагы эсеп жана отчеттуулук

**22-статья. Камсыздандыруу уюмдарындагы эсеп жана отчеттуулук**

1. Камсыздандыруу уюмдары бухгалтердик эсепти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

2. Камсыздандыруу уюмдары жыл сайын балансттык отчет жана киреше жана чыгаша жөнүндөгү отчет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгилеген форма жана мөөнөттөр боюнча камсыздандыруу иши чагылдырылган оперативдүү жана башка статистикалык отчеттуулукту берүүгө милдеттүү.

3. Камсыздандыруу уюмдары берилген маалыматтын жана отчеттуулуктун аныктыгы жана толуктугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

4. Камсыздандыруу уюму финансылык отчеттуулукту жана аудитордук корутундуларды Финансылык отчеттуулуктун ачык депозитарийине бухгалтердик эсеп жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берет.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117, 2021-жылдын 9-августундагы № 93 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**23-статья. Камсыздандыруу уюмдарын аудитордук текшерүү**

1. Камсыздандыруу уюмунда дайыма ички аудит жүргүзүлүп турууга тийиш, анын компетенциясына каржылык отчеттуулуктун аныктыгын ырастоо, эсептөөлөрдүн тууралыгына, камсыздандыруу резервдерин түзүүнүн жана анын пайдалануунун негиздүүлүгүнө, камсыздандыруу тарифтерин белгилөөнүн негиздүүлүгүнө контроль жүргүзүү кирет.

Камсыздандыруу уюмунун башкармалыгынын аткаруу органы аудиторго жүктөлгөн милдеттерди аткарууга зарыл болгон бардык маалыматты анын алышын камсыз кылууга милдеттүү.

2. Камсыздандыруу уюмунун иши жыл сайын тышкы аудитордук уюмдар тарабынан текшерилип турууга тийиш.

Камсыздандыруу уюмунун аудити Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген камсыздандыруу уюмдарын аудитордук текшерүү үчүн эң төмөнкү критерийлерге дал келиши керек.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**24-статья. Камсыздандыруу уюмунун ишинин негизги көрсөткүчтөрүн жарыялоо**

Камсыздандыруу уюму Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу Министрлер Кабинети бекиткен таризде жана мөөнөттө кирешелер менен чыгымдар тууралу баланс жана отчетту кошо алганда жылдык отчетун, тышкы аудитордук фирмага берилген маалымат алар тарабынан ырасталгандан жана кирешелер менен чыгашалар тууралу жылдык баланс менен отчет акционерлердин ар жылдык жалпы чогулушунда бекитилгенден кийин басма сөзгө жарыялайт.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**25-статья. Документтердин эсебин алуу жана аларды сактоо**

1. Камсыздандыруу уюму бухгалтердик эсепте жана отчеттуулукту түзүүдө колдонулуучу документтердин так эсебин алууну жана сактоону камсыз кылууга милдеттүү.

2. Сакталууга тийиш болгон негизги документтердин тизмеси жана алардын сакталыш мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## V бөлүм
## Мамлекеттик камсыздандыруу көзөмөлү

**26-статья. Кыргыз Республикасында камсыздандыруу ишине мамлекеттик көзөмөл**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында камсыздандыруу ишине мамлекеттик көзөмөл жана камсыздандыруу ишинин маселелерин жөнгө салуу камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын негизги функциялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

3. Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкүлөргө укуктуу:

а) камсыздандыруучулардан камсыздандыруу иши жөнүндө белгиленген отчеттуулукту, алардын каржылык абалы жөнүндө маалыматты алууга;

б) камсыздандыруучулардын Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдарын сактоосун жана алар берген отчеттуулуктун аныктыгын текшерүүнү жүргүзүүгө;

в) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыздандыруу уюмдарынын ишин инспекциялоону жүргүзүүгө;

г) камсыздандыруу уюмдары тарабынан камсыздандыруу ишин жүзөгө ашыруу тартибин жөнгө салуучу мыйзамдардын талаптарын бузуулар табылганда, аларды четтетүү боюнча камсыздандыруучуларга жазуу жүзүндө жазма буйруктарды берүүгө, ал эми жазма буйруктар аткарылбаган учурларда - табылган тартип бузуулар четтетилгенге чейин бул камсыздандыруучулардын лицензияларынын колдонулушун токтото турууга;

д) төлөөгө жөндөмсүз болгон учурда, банкроттук жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыздандыруучу уюмду жоюу процессине катышууга.

4. Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкүлөрдү жөнгө салууга укуксуз:

а) милдеттүү камсыздандырууну кошпогондо, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрүн;

б) милдеттүү камсыздандырууну кошпогондо, камсыздандыруу суммаларынын өлчөмдөрүн.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**27-статья. Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун каржылык абалын жакшыртуу**

1. Камсыздандыруу уюмдары өзүнүн каржылык абалын өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү болгондой деңгээлде күтүүгө тийиш.

2. Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмунун каржылык абалы начарлаган учурда, камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөнкү таасир көрсөтүү чараларынын бирин же бир нечесин колдонуу жөнүндө талапты кошуп алганда, акционерлердин алдында уюмдун каржылык абалын жакшыртуу зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу:

- камсыздандыруу уюмунун каржылык абалын жакшыртуу тууралуу негизделген кат-милдеттенмени берүүсүн;

- камсыздандыруу уюмуна жазуу жүзүндө эскертүү жөнөтүүнү;

- квалификациялуу консультантты дайындоону;

- түздөн-түз көзөмөл киргизүүнү;

- камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмун башкаруу боюнча убактылуу администрация дайындоону.

3. Каржылык абалды жакшыртуу жөнүндө негизделген кат-милдеттенмени берүү камсыздандыруу уюму тарабынан камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга бир тараптуу тартипте жазуу жүзүндө кабарлама жөнөтүүнү билдирет, анда камсыздандыруу уюмунун ишиндеги конкреттүү кемчиликтер моюнга алынат жана аларды четтетүүнүн жолдору көрсөтүлөт.

4. Камсыздандыруу уюмуна эскертүү берүү камсыздандыруу уюмун анын белгилүү бир ченемдерди жана эрежелерди бузгандыгы же анын туруктуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө коркунуч келтирген иш менен алектенгендиги жөнүндө жана кийин таасир көрсөтүүнүн олуттуу чаралары колдонулушу мүмкүндүгү тууралуу эскертүү максатында маалымдоонун зарылчылыгы болгон учурда, камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жасалат.

5. Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган камсыздандыруу уюмунун каржылык абалы начарлаганда, ушул камсыздандыруу органында түзүлгөн кырдаалды оңдоого байланышкан чараларды кабыл алуу боюнча камсыздандыруу уюмуна кеңеш

берүүгө жооптуу консультант кызматкерди дайындай алат. Мында камсыздандыруу уюмуна кеңеш берүүгө байланышкан чыгымдар аталган камсыздандыруу уюму тарабынан төлөнөт.

6. Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын пикири боюнча камсыздандыруу уюму тобокелчилик менен аракеттенген жана анын мындай иши камсыздандыруу уюмунун бакубат абалына терс таасир тийгизиши мүмкүн болгон, бирок убактылуу администрация дайындоо же камсыздандыруу уюмунун камсыздандыруу ишин жүзөгө ашырууга лицензиянын жокко чыгаруу үчүн жетиштүү негиздер болбогон учурларда түздөн-түз көзөмөл киргизилет. Түздөн-түз көзөмөл ыйгарым укуктуу инспектор дайындоо жолу менен киргизилет.

7. Убактылуу администрация дайындоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**28-статья. Камсыздандыруунун түрлөрү боюнча лицензиянын колдонулушун токтото туруунун жана жокко чыгаруунун негиздери жана тартиби**

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**29-статья. Камсыздандыруу уюмун жоюунун өзгөчөлүктөрү**

1. Төлөөгө жөндөмдүү камсыздандыруу уюмун жоюу акционерлердин чечими боюнча ал камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына алдын ала кабарлагандан кийин жана анын контролдугу менен жүргүзүлөт.

2. Төлөөгө жөндөмдүү камсыздандыруу уюмун жоюуда акционерлер камсыздандыруунун колдонуудагы келишими боюнча камсыздандыруу ишинин курамын башка камсыздандыруу уюмуна өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Мында кабыл алуучу тарапка камсыздандыруу ишинин курамы менен бирге камсыздандырылуучуларга, пайда табуучуларга жана камсыздандыруунун ошол келишими боюнча укуктары жана милдеттенмелери бар башка бардык адамдарга карата өткөрүп берүүчү тараптын укуктары менен милдеттенмелери өтөт.

*(КР 1998-жылдын 30-декабрындагы № 160, 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**30-статья. Камсыздандыруу сыры жана камсыздандыруучунун коммерциялык сыры**

Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлери террористтик ишти финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, аларга кызмат абалына жараша белгилүү болуп калган камсыздандыруучунун коммерциялык сырын түзгөн маалыматты, камсыздандыруучуга жана анын кардарларына тиешелүү башка маалыматты ачыкка чыгарууга укуксуз.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117, 2018-жылдын 6-августундагы № 88 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**31-статья. Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды каржылык жактан камсыз кылуу**

Камсыздандыруу ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишин каржылоо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 9-июлундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**32-статья. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүү жөнүндө**

1. Ушул Мыйзам жарыяланган учурдан тартып колдонууга киргизилсин.

*"Эркин Тоо" газетасынын 1998-жылдын 5-августунда № 103-104 жарыяланды*

2. Ушул Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин ушул Мыйзамда каралгандагыдан айырмаланган уюштуруу-укуктук таризде каттоодон өтүшкөн камсыздандыруу уюмдары 1998-жылдын 31-декабрына чейин акционердик коомго кайра түзүлүүгө жана мыйзамдарда белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон кайра өтүүгө тийиштиги белгиленсин.

3. Ушул Мыйзамдын 32-статьясы ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык камсыздандыруу уюмдарынын банкроттугунун өзгөчөлүктөрүн белгилөөчү "Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенге чейин колдонулат.

4. Төмөндөгүлөр:

"Кыргыз Республикасында камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору, 1991-жыл, № 22, 681-ст.);

"Кыргыз Республикасында камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин токтому (Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору, 1991-жыл, № 22, 682-ст.) күчүн жоготту деп табылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**